С. Рысбаев, А. Бекбоева

# АЛИППЕГЕ ДАЯРДЫК



1

Сулайман Рысбаев, Айдай Бекбоева

# АЛИППЕГЕ ДАЯРДЫК

*Алты жаштан окуган 1-класстын окуучуларынын боёо жана кол көндүрүү жумушчу дептери*



Бишкек – 2025

УДК 372.3/4
ББК 74.102
Р95

**Рысбаев С. К., Бекбоева А. А.**

Р95 Алиппеге даярдык: Алты жаштан окуган 1-кл. окуучуларынын боёо жана кол көндүрүү жумушчу дептери. – Б.: «Ордо Букс», 2025. – 32-б.

ISBN 978–9967–9668–0–2

Бул жумушчу дептер Наристе программасынын мазмунундагы тематикалар эске алынып түзүлдү. Анда тематикалар боюнча балдар оозеки сүйлөп, сүреттөрдү боёп, жазууга кол көндүрүү иштери аткарылат.

**УДК 372.3/4**
ISBN 978–9967–9668–0–2 **ББК 74.102**

© Рысбаев С., 2025
© «Ордо Букс», 2025

---

*Окуу басылмасы*

Сулайман Рысбаев, Айдай Бекбоева

## АЛИППЕГЕ ДАЯРДЫК

*Алты жаштан окуган 1-класстын окуучулары үчүн жумушчу дептер*

Редактору Ж. Чыманов
Сүрөтүн тарткан Т. Казыбаев, С. Урмукеев
Калыпка салган С. Урмукеев

Басууга 09.09.2025-ж. кол коюлду
Кагаздын форматы 70x100 1/16.
Көлөмү 2 басма табак. Нускасы ... даана.

ОРДО БУКС
БАСМАСЫ

УЧКУН

«Ордо Букс» басмасында даярдалды.
Бишкек шаары.
Тимирязев көчөсү 4 кв 12

«Учкун» ААК басмаканасында басылды.
Бишкек ш. С. Ибраимов көчөсү, 24

kitep.edu.kg

# УЧУРАШУУ, ТААНЫШУУ

## САЛАМАТСЫҢБЫ, МЕКТЕП!





Таанышабыз.

Учурашуунун адебин үйрөнөбүз!

# КАНДАЙ СЫЛЫК СӨЗДӨРДҮ БИЛЕБИЗ?

Кутман таң! Кутман күн!




Кутман кеч! Бейпил түн!



kitep.edu.kg

# МЕНИН МУГАЛИМИМ
# МЕНИН КЛАССЫМ





# БИЗДИН ҮЙ–БҮЛӨ






Бул – менин апам.
Аты – Асыл.
Ал – дарыгер.




Бул – менин атам.
Аты – Улукбек.
Ал – мугалим.



kitep.edu.kg

# БИЗДИН ҮЙ, МЕНИН БӨЛМӨМ




**Бөлмөлөр кандай аталат?**
**Бөлмөдө кандай эмеректер жана буюмдар бар?**


# МЕНИН ОКУУ КУРАЛДАРЫМ




















# МЕКЕНИМ КЫРГЫЗСТАН

**Балдар, силер өлкөбүздүн символикаларын билесиңерби?**













# БИЗ ЖАШАГАН ЖЕР











# АЛТЫН КҮЗ





# БАЗАРДА



**Үлгү:**

**– Алма канча сом турат?**

**– ...**


**– Дарбыз канчадан?**

**– ...**


kitep.edu.kg


# АШКАНАДА






# СҮТТӨН ЭМНЕ ЖАСАЛАТ?




# КҮЗГҮ АБА ЫРАЙЫ











kitep.edu.kg

# ҮЙ ЖАНЫБАРЛАРЫ











**Үй жаныбарлары жана алардын балдары:**
**– Сүрөттөрдү карап айтып бер. Бул кайсы жаныбар жана алардын балдары кандай аталат?**

kitep.edu.kg


# ЖАПАЙЫ ЖАНЫБАРЛАР







**Жапайы айбанаттарды карап чык жана аларды атаганды үйрөн.**

# ЖАНЫБАРЛАРДЫН БАЛДАРЫ












kitep.edu.kg

# ЦИРКТЕ






# КӨҢҮЛДҮҮ ЭС АЛУУ. ТООГО САЯКАТ









# КЕСИПТЕР









Э Э Э Э Э Э Э Э Э Э Э Э Э Э Э Э

Э Э Э Э Э Э Э Э Э Э Э Э Э Э Э Э Э Э

kitep.edu.kg


# БАЛДАРГА ОКУП БЕРГИЛЕ




# КӨҢҮЛДҮҮ ЫРЛАР

**Айдын баласы**
Эшикке чыгып күлүмсүрөйт
Канатбектин атасы.
– Бери чыкчы, тентек чүрпөм,
Ай тууптур, карачы!
– Көрсөт, ата, кана айдын
Кичинейкей баласы?
*Т. Кожомбердиев*

**Кайыкчам**
Кичинекей кайыкчам
Сүзөсүң сууда сен ыкчам.
Бирок чөгүп кетесиң,
Бутумду коюп мен чыксам.
*Р. Рыскулов*





**Жаралуу төө**
Жамбашынан жатыптыр,
Зор кайгыга батыптыр,
Жашы көлдөй агыптыр,
Ал анткени байкуштун,
Бутун чиркей чагыптыр.
*Т. Кожомбердиев*

kitep.edu.kg

# КӨҢҮЛДҮҮ ЫРЛАР

**Өзүм эле**

Батинкемди күнүгө
Жалтылдата майлаймын.
Боосун болсо зыпыйтып,
Өзүм эле байлаймын.

Жаркылдаткан кабагын
Жакшынакай баламын.
Чоңойсом ата-энемди
Өзүм эле багамын.

*К. Жунушев*





**Түшүп калыптыр**

Күчүк эмен жалбырагын
Казга тиштеп барыптыр:
Мобул сенин таманың го,
Жолго түшүп калыптыр.

*К. Жунушев*

# КЫТЫ-КЫТЫ, КҮЛҮП КОЙ!

## ЖӨЖӨСҮН ЧЫГАРАЙЫН

Самат апасы базардан жумуртка сатып келгенин байкап калат. Аны өзүнүн уктоочу бөлмөсүнө алып барып, жумуртканы бирден чегип жатканын апасы көрүп:

– Ай, жумуртканы эмнеге сындырып жатасың, – деп урушса, Самат каамырабай туруп: –Жөжөсүн чыгарганы, – деп жооп бериптир.


## ЖАРДАМ БЕРДИМ

– Бүгүн апам мага көйнөк тикти, мен болсо ага жардам бердим.

– Кантип?

– Ты-ынч отурдум.





# КЫТЫ-КЫТЫ, КҮЛҮП КОЙ!


## ЖОЛДО

Жол эрежеси боюнча мугалим окуучудан сурады:
– Жолдон кантип өтүш керек?
– Машина жокто өтүш керек.

## КҮНДҮН КӨЗҮ

Жамгыр жаап бүткөндө Касым эшикке чыгып:
-А-а, ырас, күндүн көзү көрүнүп калды.
Анда Шабдан мындай деп сурады:
- Ата, күндүн жалгыз эле көзү барбы?...





kitep.edu.kg

# КЕЛГИЛЕ, ЖОМОК ОКУЙЛУ

## ТҮЛКҮ МЕНЕН КЕНЕ

Түлкү менен кене шерик болуп, буудай айдашты. Митаам түлкү: «башым ооруйт, ичим ооруйт, кымыз ичип келейин»,– деп күндө эле жайлоого кетип калат. Кене жалгыз өзү буудайды сугарып, оруп-жыйып, бастырды. Бир күнү түлкү үйүлгөн данды көрүп, ичинен кымыңдап: «Кенени алдап, эгинди бүт өзүм алайын» деп ойлоду да:

– Кене, муну бөлүп убара болбойлу. Андан көрө жарышалык. Кимибиз алдыга чыксак – ошонубуз буудайды бүт алалы. Кене ойлонуп туруп, макул деди. Жарышчу жерге барып, экөө катар турду. Түлкү «алдоо» деди да, куйругун көтөрүп, кулагын жапырып, чуркаган бойдон жөнөдү. Кене чап этип түлкүнүн куйругуна жармашты. Түлкү кырмандын четине жетип келип: «Кене кайда келатат?» деп токтой калып силкингенде кене жерге ыргып түштү да, үйүлгөн дандын үстүнө чыгып:

– Ой, сен эмнени карап турасың? – деп кыйкырды. Түлкү чочуп кетип:

– А сен качан келдиң? – деди.

– Менин келгеним качан! Сени күтө берип зеригип кеттим, – деди кене. Ошентип кене өз эмгегине өзү ээ болуп, буудайын данын кампага ташып төктү да, жыргап-куунап жатып калды.



# КЕЛГИЛЕ, ЖОМОК ОКУЙЛУ

## МЫШЫК НЕГЕ БЕТИН ЖУУЙТ?

Бир күнү эртең менен мышык терезеге чыгып отурган. Аңгыча, бир чымчык учуп келип конду. Ал жашынып турган мышыкты байкаган эмес. Мышык байкатпай аңдып туруп, чымчыкты кармап алды.

– Мышык аке, мени жебе? Мени коё бер... – деп жалынды чымчык.

Мышык анын жалынганын уккусу келген жок.

– Мен сени коё бербейм. Азыр сени жейм. Анткени мен ачкамын... – деди мышык бырылдап-күрүлдөп, каардуу.

– Суранам, мышык аке...

Чымчыктын ыйлаганын тыңшап да койгон жок. Анда чымчык айла издеп, мындай деди:

– Макул, жесең да, адегенде, бети-колуңду жууп же...

“Бети-колуңду жууп же” деген чымчыктын сөзүнө макул болду да:

Макул, – деп мышык чымчыкты коё берип, бети-колун жууганы кетти. Ал жуунуп келгенче, чымчык учуп кетти. Мышык алданып, отуруп калды.

Ошондон кийин мышык, а дегенде тамак жеп алып, андан кийин гана бети-колун жууп калыптыр.

*С. Рысбаев*





# БИР ШИҢГИЛ АҢГЕМЕЛЕР

## УЧАТ ЭЛЕМ

Гүлай мышык менен ойноп жатып эрикти да, терезеге барды.

Бутунун башы менен тура калып секирсе да, көчөнү көрө алган жок. Тигинде чатырдын башында бир көгүчкөн таранып олтурат. Ал кандай ырыстуу: учат, жер көрөт, булуттан үзүп жейт.

Гүлай анте албайт!

Ал машина тигип жаткан апасынын жанына келип:

– Апаке, сен иштүүсүңбү?

– Ооба, эмне болду?


– Канат тигип берчи, учат элем...

Энеси күлүп, мандайынан өптү.

– Эртең учасың.

Гүлайдын канаты болсо, учат беле?

*Ш. Садыбакасов*



# БИР ШИҢГИЛ АҢГЕМЕЛЕР

## КОЛЯ КАЛПАК КИЙГЕНДЕ

Николай шаарда окуйт. Аны менен бир класста кыргыз балдар да билим алат. Алардын бири – Эркин. Эркин досу Коляны жайлоого барууга чакырды. Жайлоодо чоң ата, чоң энеси бар.

Жайлоодон кайтарда чоң ата менен чоң эне Коляны алкап, Эркиниме дос болуп жүр деп, башына ак калпак кийгизди.

Анын сары жүзүнө аппак калпак жарашып калды. Күлүп турса, андан бетер.

– Бул – кыргыздын ак калпагы. Калпак кыргыздарда сыйлуу кишиге берилет. Мында, карачы, калпакта ыргыздын ак тоолору, өзөн-суулары чагылдырылган.

– Ак калпакты ак тилек менен беришет, – деди чоң эне сөзгө кошулуп.

Коляга калпак абдан жакты. Чын эле ак калпак тоолорго окшош экен.

Жайлоодон кайтканда Коля өзүнчө эле калпагына карап, ыраазы болуп жатты.

*А. Муратов*



# БИР ШИҢГИЛ АҢГЕМЕЛЕР

## КУУРЧАГЫМДЫН БУТУ ҮШҮДҮ

Эртең менен болчу. Үй суук эле. Апасы Айгеримди кийинтип, чай берди да, мешке от жагууга кетти. Бир аздан соң келсе, Айгеримдин бутундагы жылуу байпагы жок.

Апасы кызынан сурады:

–Э, кызым, жылуу байпагыңды неге чечип таштадың? Бутуң үшүп калбайбы, кызым?

Анда Айгерим;

–Куурчагымдын буту үшүп калыптыр. Байкуш куурчагыма кийгизип койдум, – деди өзүнө-өзү абдан ыраазы болгон түр менен.

Кызынын боорукерлигине апасы ыраазы болду.

*С. Рысбаев*



kitep.edu.kg


# ТАБЫШМАКТАР

## ТАБЫШМАКТАРДЫ ЖАНДЫРАЛЫ


Буту жок басат,
Канаты жок учат. (Б....)



Көргүлөчү куйругун,
Куйругунан мурду узун. (П..)



Оозу бар, тили жок,
Суусуз анын күнү жок (Б….)



Учуп жүргөн сандык,
Ичи толо жандык (С……)



